Коммуникативдик метод окуучулардын көбүрөөк активдүүлүгүн билдирет. Бул учурда мугалимдин милдети баарлашууга аудиториядагы бардык студенттерди тартуу болот. Тилди жакшы жаттоо жана колдонуу үчүн бардык кабылдоо каналдарын жүктөп алуу керек.

Коммуникативдик методдун маңызы – баарлашуунун реалдуу жагдайларын түзүү. Диалогду кайра түзүүдө студент алган билимин иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк алат. Коммуникативдик методдун абдан маанилүү артыкчылыгы катары анын көнүгүүлөрдүн көп түрдүүлүгү: ролдук оюндарды, диалогдорду камтыйт [2, б. 85].

Жыйынтыгында англис тили кафедрасынын окутуучулары арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, анын негизинде төмөнкүдөй тыянак чыгарылды:

• Баардык мугалимдердин 23% грамматикалык эрежелерди үйрөтүүдө грамматикалык-котормо ыкмасына басым жасашат;

• Ал эми 31% аудио-визуалдык жана аудиолингвалдык ыкмалары көңүл бурушкан. Себеби жыл сайын инновациялык технологиянын өсүшү менен бул ыкмалар жаны темаларды түшүндүрүүдө жана дебат, долбоорлорун жактоодо кеңири колдонулат;

• 32% бул коммуникативдик методдун сабакта колдонулушу бул биринчиден ар бир студенттин тилин өркүндөтүүдө өтө маанилүү болуп эсептелинет;

• Калган 14% пайызы бул түз ыкмасына берилип келип, анын дагы англис тилин үйрөнүүдө бирден бир маанилүү ыкмалардын катарын толуктайт.



Алгач коммуникативдик ыкма четке кагылган, бирок азыр салттуу грамматика-котормо ыкмасы менен бирге кайрадан алдыңкы орунду ээлейт. Заманбап университеттердин көпчүлүк мугалимдери бул эки ыкманы артык көрүшөт жана алар көбүнчө айкалыштырылып колдонулат. Түз метод жогорку окуу жайларында сейрек колдонулат. Тагыраак айтканда, аудиовизуалдык жана аудиолингвалдык методдор көп убакта мектепте колдонулбайт, бирок университеттердин жана институттардын көптөгөн окутуучулары мезгил-мезгили менен ушундай методдордун негизинде сабактарды өткөрүшөт. Бул жалпы билим берүү программасын жакшыртууга жана студенттерди кызыктырууга мүмкүндүк берет.

Адабияттар

1. Громова О.А. Аудио-визуальный метод и практика его применения. М., 1977.

2. Домашнев А.И. и др. Методика преподавания английского языка в педагогическом вузе. М., 1983.

3. Основные направления в методике преподавания иностранных языков в XX вв. / Под ред. М.В. Рахманова. М., 1972.

4. Палмер Г. Устный метод обучения иностранным языкам. М., 1960.

5. Шейлз Д. Коммуникативность в обучении современным языкам. [Совет по Культурному Сотрудничеству. Проект № 12 «Изучение и преподавание современных языков для целей общения».] Совет Европы Пресс, 1995.

УДК: 37.091.3:811.111
DOI: 10.35254/bhu/2022.60.23

Турусбекова А. С.,
К. Карасаев атындагы БМУ

Касмалиева Э. Т.,
К.Карасаев атындагы БМУ

АНГЛИС ТИЛИ САБАГЫНДА СЫН АТООЧТОРДУ ОКУТУУ

Кыскача мазмуну

Бул макалада англис тили сабагында сын атоочторду окутуунун мааниси жана жолдору жөнүндө баяндалат. Сын атооч грамматикада эн чоң мааниси жана орду бар сөз түркүмдөрүнүн катарына кирет, алардын жардамы менен жазуу жана сүйлөө кеби экспрессивдүү, деталдуу жана маалыматтуу болуп калат. Сын атоочторду англис тили сабактарында окутууда ар кандай коммуникативдик ыкмаларды жана жолдорду колдонуп, өтүү заманбап методиканын жана учурдун талабы болуп эсептелинет. Коммуникативдик ыкма бул ар кандай көнүгүүлөрдүн жардамы менен оозеки сүйлөөнү ишке ашыруу.

Ошондой эле, макалада англис тилиндеги сын атоочторду үйрөнүүдө студенттердин сөз байлыгын жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өркүндөтүү боюнча бир катар көнүгүүлөр жана оюндар сунушталат. Бул сүйлөө кебин жана тилди өнүктүрүүгө багытталган көнүгүүлөр оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн негиз болуп саналат, Сөз грамматикалык тарабын алганда өнүктүрүүчү каражат жана ансыз чет тилинде туура жана так сүйлөөнү элестетүү мүмкүн эмес.

Түйүндүү сөздөр: *сын атооч,сөз түркүмү,үйрөнүү, окутуу, сүйлөө кеби, өнүктүрүү ыкмалар,коммуникативдик ыкма,интерактивдуу окутуу, көнүгүүлөр.*

ОБУЧЕНИЕ ПРИЛАГАТЕЛЬНЫХ НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА

Аннотация

В этой статье обсуждается важность и способы обучения прилагательным на уроках английского языка. Прилагательные являются одним из самых важных частей речи в грамматике. По своим выразительным качествам прилагательные занимают одну из лидирующих позиций среди других частей речи.

С их помощью письменная и устная речь становится выразительной, детальной и информативной. Использование коммуникативных методов и подходов в обучении прилагательным на уроках английского языка является требованием современной методологии. Коммуникативная методика предусматривает активное говорение, работу с устной речью в больших объемах с помощью различных упражнений.

А также в статье предлагаются ряд упражнений и игр на развитие словарного запаса и коммуникативной компетенции учеников при изучении прилагательных в английском языке.Эти речевые и языковые задания являются

своеобразным фундаментом, основой для развития устных речевых умений, средством развития грамматической стороны речи, без которой невозможно представить правильную устную речь.

Ключевые слова: *имя прилагательное, часть речи, изучение, обучение, речь, развитие, методы, коммуникативный метод, интерактивный метод, упражнения.*

TEACHING ADJECTIVES AT ENGLISH CLASSES

Abstract

This article discusses the importance and ways of teaching adjectives at the English lessons. Adjectives are one of the most important parts of speech in grammar. By their expressive characteristics, adjectives occupy one of the leading positions among other parts of speech. Written and spoken language become expressive, detailed and informative due to adjectives.

The use of various methods and approaches in teaching adjectives in English lessons is a requirement of modern methodology. The communicative technique involves active speaking, working with oral speech with the help of various exercises.

The article also offers a number of exercises and games for the development of vocabulary and communicative competence of students when learning adjectives in the English language. These speaking and language tasks are a kind of foundation, the basis for the development of oral speech skills, a means of developing the grammatical side of speech, without which it is impossible to imagine correct oral speech.

Key words: *adjective, parts of speech, learning, teaching, speech, development, methods, communicative approach, interactive method, activities.*

Коомдун өнүгүүсүнүн азыркы этабында англис тилин билүү абдан маанилүү, себеби дүйнө жүзүндөгү экономикалык, саясий жана маданий карым-катнаштар дал ушул англис тили аркылуу ишке ашып жатат. Англис тилинде сүйлөөнү үйрөнүүдө грамматика маанилүү орунду ээлейт жана ал лексиканын жардамы менен негизделген тил илиминин бир бөлүгү. Грамматика бул -сөздөрдүн өзгөрүшүн, өз ара айкалышын жана сүйлөмдөрдүн түзүлүш нормаларын өз ичине камтыган объективдүү көрүнүш болуп эсептелет. Грамматика бул- тил илиминде салмагы чоң жана маанилүү бөлүктөрдүн бири, себеби грамматиканы билбей туруп сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн туура жана так айтылышын, өзгөрүүсүн жана түзүлүшүн билүү кыйын.

Ал эми сөздөрдүн мааниси жөнүндө окумуштуу D. Wilkins төмөндөгүдөй жазган: “Тилди грамматикасыз бир аз үйрөнсө болот, ал эми сөздөрү жок тилди үйрөнгөнгө болбойт.”[4, 111 б.]. Демек, чет тилин үйрөнүүдө грамматиканын да, лексиканын да мааниси абдан зор.

Сын атооч грамматикада эн чоң мааниси жана орду бар сөз түркүмдөрүнүн катарына кирет, ал заттын сын-сыпатын, өңү-түсүн, формасын жана даамын билдирип турган сөз түркүмү деп билебиз. Алгач сын атоочтун аныктамасына токтоло кетсек.

Англис окумуштуусу жана лингвисти Роберт Диксондун теориясына ылайык “Where have all the adjectives gone?” деген китебинде, сын атооч англис тилиндеги зат атооч жана этиштен кийинки үчүнчү чоң топ болуп эсептелет. Сын атооч- бул нерселердин же буюмдардын касиеттерин аныктай турган сөздөр жана тил илиминдеги салыштыруу даражалары бар жападан жалгыз грамматикалык категория.» -деп жазган. [1, 19 б.]

Ал эми Ж.Хадсон, С. Парадис жана Б. Уаррен сын атоочко төмөндөгүдөй аныктама беришкен: “Сын атоочтор - адамдардын, нерселердин же кубулуштардын касиеттерин сүрөттөгөн мазмундуу сөз түркүмү”.[3, 8 б.]

Демек, сын атооч маанилүү жана мазмундуу сөз түркүмүнө кирет.Сын атоочсуз тил илими өтө супсак болуп калмак, себеби дал ушул сөз түркүмү аркылуу адам баласы өзүнүн сезимдерин, ой-толгоосун жана дүйнөгө болгон көз-карашын билдирип, ошондой эле айланабыздагы бардык кубулуштарды жана нерселерди кооздоп жана көркөмдөй алабыз. Сын атоочту англис тили сабагында окутууда ар кандай жолдор жана ыкмалар бар, бирок алардын ичинен эн кенири жана көп колдонулган ыкма -бул коммуникативдик ыкма болуп эсептелет. Коммуникативдик ыкманы окуу процессинде катышуучулардын биргеликте жүргүзгөн иш аракеттерине негизделген окутуунун заманбап методу катары кароого болот.

Коммуникативдик методдун автору Е. И. Пассовдун ою боюнча, “коммуникативдүүлүк окуу процессинин сүйлөө багытын болжолдойт, ал сүйлөө практикалык максат (чындыгында, өткөн жана азыркы учурдагы бардык багыттар ушундай максатты көздөйт), анткени бул максатка жетүүнүн жолу бул тилди практикалык жактан колдонуу болуп эсептелет. Практикалык сүйлөө багыты-бул максат гана эмес, ошондой эле диалектикалык жактан бири-бирине шарт түзгөн каражат”.[7, 208 б.] Ушул эле ойду көптөгөн изилдөөчүлөр жана окумуштуулар колдошкон.

Орус окумуштуусу Я. М. Колкер коммуникативдик ыкма боюнча кеңири токтолгон: “акыркы он жылдыктарда салттуу чет тилин окутуу коммуникативдик жана интенсивдүү методдорго карама-каршы келет.” [6, 48б.]. Окумуштуу муну менен коммуникативдик ыкманы окутуудагы эң негизги жол жана форма катары колдонуу керектигин баса көрсөткөн. Окутуунун коммуникативдик формаларын киргизүү окуучуларды жана студенттерди англис тилине окутуудагы маанилүү багыттардын бири болуп саналат. Мугалим үчүн жетиштүү компетенттүү болушу үчүн билим берүү процессинде методикалык инновацияларды колдонуу зарыл, алар бүгүнкү күндө окутуунун коммуникативдик методдорун колдонууга байланышкан. Интерактивдүү окутуу окугандардын өзүнүн тажрыйбасы жана тажрыйбасы менен түз өз ара аракеттенишүүсүнө жана сүйлөө кебин өстүрүүгө негизделген.

Грамматикалык материалдар сүйлөө кебин өстүрүүнүн негизги болгондуктан, окуучулардын сүйлөөгө жана ба-

арлашууга, жана ошондой эле англис тили сабактарында өтүлгөн грамматикалык материалды, тактап айтканда сын атоочторду практика жүзүндө колдонуусу эң ири жетишкендик катары эсептесе болот. Бекеринен Л. Щерба: «Грамматика сүйлөөгө үйрөтөт»- деп жазбаса керек. [5, 57 б] Грамматикалык материалды үйрөтүүнү эмнеден баштоо керек, кантип жана кандай жолдор менен ыкмалар менен ишке ашыруууну чечүү азыркы заманбап методиканын талабы.

Ал эми сын атоочторду англис тили сабагында окутуудагы коммуникативдик усул-ыкмаларга токтолсок. Эгерде мугалим дайыма окуучуларга бир эле багытта түшүндүрмө берип же бир эле ыкманы колдоно берсе, сабак өз максатына жетпей калышы жана окуучулардын сабакка болгон кызыгуусу жоголушу мүмкүн. Ар бир мугалим сабактын өз максатына жетиши үчүн ар кандай жолдор, жаңы ыкмаларды колдонуу менен өтүүсү керек. Ошондуктан сабакты кызыктуу жана ар кандай ыкмалар менен өтүү үчүн мугалим менен окуучунун иш аракети маанилүү. Англис тили сабагында сын атоочторду кызыктуу жана жогорку деңгээлде окутуу үчүн төмөндөгүдөй коммуникативдик ыкмалар сунуш кылынат:

1. Затты же нерсени сүрөттөө- The description of nouns or things

бул көнүгүүнү эки жол менен ойнотсо болот, биринчисинде мугалим кагазга бир гана зат атоочту жазып окуучуларга берет. Ар бир окуучу ал зат атоочко ылайык келген сын атоочту жазуу менен бирге сүрөттөшөт.

Мисалы: ocean-deep, ocean-blue, ocean-vast, ocean-stormy, ocean-magnificent, ocean-endless, ocean-huge, ocean-warm, ocean-Pacific, ocean-fresh, ocean-boundless, ocean-shallow, ocean-western, ocean-tropical and so on.

Ал эми экинчи жолу болсо окуучуларга тескерисинче сын атоочтор берилет, аларга туура келген зат атоочту табышат.

Мисалы: beautiful woman, beautiful building, beautiful house, beautiful handwriting, beautiful bag, beautiful nature, beautiful flower, beautiful place, beautiful city, beautiful dress, beautiful bracelet, beautiful life, beautiful picture, beautiful car, beautiful decoration and so on.

Кимде-ким көп зат атоочторду бул сын атооч менен айкалыштыра алса, ал жеңүүчү боло алат.

2. Класстык бөлмөнүн ичиндеги нерселерди сүрөттөө-Describing the things in the classroom

Бул көнүгүүгө окуучуларды 2 тайпага же эки-экиден болуп алса болот. Биринчи тайпа нерсени сүрөттөйт, экинчи тайпа табат.

Мисалы:

First team: You can see this thing in front of you, on the wall. It is a big and hard. Its colour can be white or brown. What can it be?

Second team: It is a blackboard.

Second team: Every classroom has this thing. It is a large or small. It can be open or closed. What is it?

First team: It is a door.

3. Сын атооч бинго оюну-Adjective Bingo

Бир нече буюмдарды же нерселердин сүрөттөрү- даярдоо керек.Буларды ар бир окуучуга же тайпага таратып бергенден кийин, мугалим ар кандай сын атоочторду жана зат атоочторду атайт.Окуучулардын карточкаларындагы сүрөттөлгөн нерселер дал келишсе, мисалы мугалим “green apple” десе, окуучу карточкасынан аны туура тапса, ал “BINGO!” деп айтышы керек. Эгерде окуучулар өзүлөрү сүрөттөй алышса, анда аларга орун берүү керек.

4. Табу -Taboo

Бул оюнда өз каалосу менен окуучу чыгып, бир буюмдун, жердин, же адамдардын атын атабай туруп, сүрөттөп баштайт, калган окуучулар аны тапканга аракет жасашат. Ким туура тапса, ал кийинки сөздү катат.

Мисалы:

First student: This thing is a beautiful and high. It is covered with a rug of trees, green, yellow, scarlet and orange, but their bare tops were scarfed and beribboned with snow.

Second student: It is mountain. [8, 18 б]

5. Сын атоочторду колдонуп аңгеме түзүү- Making up the story using the adjectives

Бул көнүгүүнү жасоодо окуучуларды 2 же 3 топко бөлүш керек. Сын атоочторду колдонуу менен тайпалар өзүнүн кыска ангемесин айтышат, кайсы тайпа көп сын атооч колдонсо, ошол топ утат.

Мисалы: It was cold and cloudy day.

6. Бир сүйлөмдө бир нече сын атоочторду колдонуу-Grow the sentences

Бул көнүгүү учун студенттер сын атоочтордун даражаларын сүйлөмдөрдө туура колдонгонго жардам берет. Мугалим сабакка чейин сүйлөмдөрдү түзүп, даярдап коюшу керек.

Мисалы: The ____ tomatoes taste _____ than the ____ peppers.

Окуучулар бул сүйлөмдөгү боштуктарды сын атоочтор менен толукташы керек.Анда мындай болушу мумкун:

The red tomatoes taste better than the green peppers.

Мындан башка сын атоочторду да колдонушса болот, бирок ким биринчи тапса, ошол студент упай алат. Сүйлөмдөрдүн саны 12-15 тен ашпашы керек, себеби өтө көп сүйлөмдөр тажатма болуп кетиши мүмкүн. Эгерде каталар болсо, студенттердин өзүлөрү оңдогону абдан жакшы.[2, 35 б.]

7. Сүрөт жарышы- Picture Race

Сүрөт жарышы бул окуучулардын сын атоочторду көп колдонууга үйрөтөт.

Бул көнүгүү үчүн мурдатан бир нече адамдардын, жаратылыштын, жер-суунун жана нерселердин сүрөттөрүн чыгарып алуу керек. Классты бир нече тайпаларга бөлүп алуу керек. Ар бири бир барак кагаз жана калем алуусу керек. Студенттер сүрөттү көрсөтүп, бир мүнөттүн аралыгында аны сын атоочторду колдонуу менен айтыш керек. Эгерде бир тайпанын жазган сын атоочторду кайталанса, аны сызып салышат,акырында кайсы тайпа көп сын атооч жазышса ошолор жарышта алдыга чыга алышат.

Мисалы: a flower- a romantic, astonishing, beautiful, bright, broken, cheerful, classy, dazzling, delightful, enchanting, exotic, fabulous, fancy, fragrant, fresh, glamorous, joyous, lavish, lovely, nice, odd, organic, picked, splendid, silky, wonderful and yellow.

Бул көнүгүү сын атоочторду көп билген окуучулар үчүн эң сонун, ал эми башкалар аны көрүп, угуп жана жаттап калуусуна мумкундук түзөт.

8. Жакын досторунду сүрөттөө-Describe Your Best Friend

Бул суйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүүгө ылайыкталган көнүгүү. Окуучулар жакын досторун сүрөттөшөт. Доскага булар жазылат: “appearance,” “personality” and

“compared to me.” Андан кийин төмөндөгү суроолор берилет:

• What does he or she look like?
• What color is his or her hair?
• Is he/ she they tall or short?

Суроолорго жооп берүү менен бирге кимди сүрөттөп жатканын табуу керек.

9. Сын атооч доминосу-Adjective Domino

Кагазга бир нече сын атоочтор жазылып, ар бири өзүнчө кесилет. Бул оюнду 2 топко болуп алып ойнотсо болот.Ар бир топко ар кандай сын атоочтор берилет. Андан соң бир тайпанын окуучусу бирден сын атоочту ачат да, акыркы тамгасы кайсы тамга менен бүтсө, экинчи тайпадагы окуучу ошо тамга менен баштаган сын атоочту тизет. Эгерде жок болуп калса, кезек башка тайпага берилет.Кайсы тайпа биринчи сын атоочторун тизип бүтсө, ошолор женишке ээ болушат.

Мисалы: magnificent-thoughtful- low- wonderful- long-gorgeous- successful-light- talented-determined-dangerous-sparkling-glamorous-strange-enthusiastic

10. Сын атооч аукциону-Adjective Auction

Бул көнүгүүнү аткаруу учун мугалим алдын-ала ар кайсы нерселердин сүрөттөрүн же буюмдарды(реалиаларды) камдап алыш керек. Андан кийин бул буюмдар көрсөтүлгөндө, аны менен кошо эки же үч сын атоочту катары менен айтуу керек. Англис тилинде сын атоочтордун төмөндөгүдөй ирээти бар:

1. Opinion-ой-пикир: pretty, horrible, lovely.
2. Size-көлөм: huge, tiny, big, little.
3. Age-жаш: old, young, new.
4. Shape-форма: round, square, triangular.
5. Colour-өң-түс: black, red, yellow.
6. Origin-келип чыгышы: British, Chinese, French.
7. Material-эмнеден жасалган: woollen, wooden, silk.
8. Purpose-максат: writing (paper), school (shoes).

Мисалы: lovely, old, glass vase
nice, long, diamond necklace
small, brown, coffee cup

Аукциондо коюлган буюм же нерсе менен сын атоочтун ирээтин туура айткан окуучуга балл берилет.

Жогорудагы ыкмылар жана жолдордон башка дагы көптөгөн көнүгүүлөр бар, окуучулардын денгээлине жана кабыл алуусуна жараша тандоо менен англис тили сабактарында сын атоочту окутууда мугалимдер өз максаттарына жетише алышат.

Демек, ар турдуу жолдор, жаңы ыкмалар жана көнүгүүлөр окуучулардын сабакка кызыгуусун арттыруу менен эффективдүү кабыл алуусуна чоң жардам көрсөтүү менен бирге окуучунун сүйлөө кебинде сын атоочту туура жана так колдонууга үйрөтөт.

Адабияттар

1. Dixon, R. M. W. (1977). Where have all the adjectives gone? Studies in Language, 1, 19-80.

2. Friederice Klippel, Keep Talking, Communicative fluency activities for language teaching, Cambridge University Press,1984., p. 35

3. Hudson, J. Paradis, C. and Warren, B. (2005). Basic English Grammar. Lund: Lund University Press., p.8

4. Wilkins, D. (1972). Linguistics in language teaching. London: Edward Arnold.

5. Щерба Л.В., Языковая система и речевая деятельность, Л., 1974, 57 с

6. Колкер Я.М. Практическая методика обучения иностранному языку - М., 2000.

7. Пассов, Е. И. Коммуникативный метод обучения иноязычному говорению. - М.: Просвещение, 1985, 208 с

8. https://busyteacher.org/17367-practicing-adjectives-10-fun-activities.html

УДК: 37.013
DOI: 10.35254/bhu/2022.60.26

Кенжешев К. Д.,
К. Карасаев атындагы БМУ

ЭТНОПЕДАГОГИКА ЖАНА ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ТАЛДОО ЖУМУШТАРЫ

Кыскача мазмуну

Орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына кыргыз адабияты сабагы бир нече компетенцияны калыптандырууга тийиш болгон маселелерди чечүү үчүн адабий чыгармага талдоо жумуштары макалада каралат. Анын этнопедагогика менен болгон байланышы чыгармага анализ берүү учурунда кандай болушу керектиги ачыкталат. Проблеманы кыргыз адабий чыгармалары менен байланыштырууда кандай кырдаалдар эске алынышы сабакта жасалчу жумуштардын мазмунуна байланыштырылат. Адабий чыгармаларга туура талдоо жүргүзүлсө, окуучуларга этнопедагогикалык жактан тарбия берүүнүн деңгээли көтөрүлөт. Кыргыз адабияты сабактарынын илимий-методикалык жактан ишителиши окуучуларга этнопедагогикалык мазмунда билимдин коомдук-социалдык маселеси экени айкындалат. Орто мектептер үчүн адабий билим берүү эске алынбай жатканы мисалдар менен көрсөтүлөт. Ал окуучулардын инсандык, социалдык-маданий компетенцияларынын негизинде чечмеленет.

Түйүндүү сөздөр: *адабият сабагы, элдик педагогика, этнопедагогикалык билим берүү, этномаданий түшүнүктөр, жогорку класстын маданий компетенциялары, социалдык-инсандык компетенциялары, мамлекеттик стандарт, предметтик стандарт, окуу планы.*

ЭТНОПЕДАГОГИКА И АНАЛИЗ ЛИТЕРАТУРНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ В СТАРШИХ КЛАССАХ

Аннотация

В данной статье рассматривается анализ литературного произведения для решения вопросов, необходимых для развития ряда компетенций в области кыргызской литературы у старших классов. Его связь с этнопедагогикой будет выявлена в ходе анализа произведения.

Какие ситуации учитываются при связи проблемы с кыргызскими литературными произведениями, зависит от содержания урока. Грамотный анализ литературных произведений повысит уровень этнопедагогической образованности учащихся. Научно-методическая разработка тематики кыргызской литературы раскрывает перед учащимися, что этнопедагогическое содержание является социальной проблемой познания. Примеры показывают, что литературное образование не учитывается в средней школы. Она интерпретируется на основе личностных, социокультурных компетенций студентов.

Ключевые слова: *литература, народная педагогика, этнопедагогическое образование, этнокультурные понятия, культурологические компетенции старших классов, социально-личностные компетенции, государственный стандарт, предметный стандарт, учебная программа.*

ETHNOPEDAGOGY AND ANALYSIS OF LITERARY WORKS IN SENIOR GRADES

Abstract

This article examines the analysis of a literary work to address issues necessary for the development of a range of competencies in Kyrgyz literature in senior grade students. Its connection with ethno-pedagogy will be revealed during the analysis of the art work.

What situations are taken into account when connecting the problem to Kyrgyz literary works depends on the content of the lesson. Competent analysis of literary works will increase the level of ethno-pedagogical education of students. Scientific and methodological development of the topics of Kyrgyz literature reveals to the students that ethno-pedagogical content is a social problem of cognition. Examples show that literary education is not taken into account in secondary school. It is interpreted on the basis of students' personal, socio-cultural competencies.

Key words: *literature, folk pedagogy, ethno-pedagogical education, ethno-cultural concepts, senior grade cultural competencies, socio-personal competencies, state standard, subject standard, curriculum.*

Мектепте адабий чыгармаларды талдоо бардык учурда элдин жашоосу менен байланышта жүрүп, ал тикелей этнопедагогиканын мазмунунда ачылат. Анткени балдар мектепте окуган адабий чыгармалар кыргыздын турмушун чагылдыруу менен окурманга белгилүү бир идеяны жеткирүүнү кааласа, анын артында окуп түшүнүүчү терең проблемалуу мазмун жашай турганын азыр баары эле билет. Экинчи жагы, билим берүү максатын көздөгөн окуу программасы акын же жазуучунун тажрыйбасында жаңылык катары көрүнгөн бардык чыгармаларды камтый бербейт, ал келечек муун сөзсүз билүүгө тийиш болгон, ошол эле мезгилде тарбия берүүчүлүк мааниси зор адабий чыгармаларга басым жасайт. Алар алган тематикасы боюнча ар түрдүү келип, ар кыл формада ойду чагылдыруу жөндөмдүүлүгүнө таянган автордун тигил же бул жанрдагы адабий-эстетикалык табылгаларын окуучуларга сунуштоо менен балалык кыялдардан ойлоонун чыгармачылыкта өнүгүүсүн, образдуулук аркылуу адам жашоосун таануу иштерин жүргүзүү жөндөмдүүлүгүн ойготууга жардам берет. Ал эми адабий чыгармалардагы сөздүн кудуретин сабакта биргелешип үйрөнүү окуучулардын жеке таасирленүүдөн жаралган пикирин билдирүү менен чектелбестен, көп түрдүү көз караштардан ассоциацияланган даяр ойду ортого коюп, жаран катары керектөөчү пикирдин өзөгүн түзүп коёт. Мындай шартта этнопедагогиканын дагы бир өзгөчө ролу бар, ал адабий чыгарманы жеткиликтүү таанып-билүү аркылуу жазуу түрүндөгү кептик каражаттарды үйрөнө алат. Ырас, ал окуучуларда өзүнөн-өзү пайда боло калуучу көндүм эмес, аны мугалим акын же жазуучунун сүйлөм түзүүдөгү стилдик өзгөчөлүктөрүнө дайыма басым жасап, сүйлөмдөн тартып текст түзүүгө чейинки автордун чеберчилигин мисалдар менен көрсөтүп турушу, анда берилген ойду таап чыгууга ар бир окуучуну кызыктырышы сүрөткердин кептик каражаттарды кантип колдонгонун туура маанилүү болбостон, таанып-үйрөнгөн билимин пайдалануу да мүмкүндүк жаратат. Этнопедагогиканын ролу сабакта үйрөнгөн иш-билгисин (компетенциясын) мектептен тышкаркы чөйрөдө түрдүү коммуникативдүү байланыштарда өз позициясын туура түшүндүрө билүүгө, инсандык милдетин так аткарууга, пикирин ишке ашыруу үчүн элдик дидактикалык нормаларды колдонууга, жеке позициясын коргоодо калк таянган жол-жоболорго негизделүү принциптерин карманууга даяр жаранды тарбиялай алгандыгында турат. Азыркы учурда адабият сабагына ушул сапат (ал орто мектепте

бардык предметтерге мүнөздүү) жетишпегендиктен көптөгөн окуучулар интернеттеги ар кандай маалымат булактарына азгырылып, кайда баратканын билбей, жашоону таануунун негизги ресурстарынан алыс болуп баратканы байкалат.Ошондуктан орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролу төмөнкү кырдаалдарда керек экендигин белгилей кетүүгө тийишпиз:

а) окуучулардын туура ойлонуу иш-билгисин (компетенциясын) калыптандыруу – орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу алардын социалдык чөйрө менен байланышы туура логикалык кырдаалда болушу маанилүү экенин аныктап, адабият сабагында логикалык ойлоо ишмердүүлүгүн адабий чыгармаларды талдоо учурунда кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгү аркылуу таануу;

б) окуучулардын ой жүгүртүүсүндө салыштыруу иш-билгисин (компетенциясын) калыптандыруу – башка улуттардын адабий чыгармаларын окуган учурда алардын сюжет куруу, образ түзүү, жанрды классификациялоо, ж. б. белгилер боюнча жеке пикирин тактоо жана аны класска алып чыгуу менен жалпылоо сыяктуу көндүмдөрдү өздөштүрө билүү;

в) окуучулардын көркөм чыгарманын жакшы жана жаман жактарын түшүнүү үчүн эстетикалык табитин айырмалоо иш-билгисин (компетенциясын) калыптандыруу этнопедагогиканын жардамы менен адабий чыгарманы түшүнүүгө жана анын идеялык-тематикалык, көркөм-эстетикалык маанисин, сюжеттик-композициялык жанрдык-стилдик касиеттерин ажыратууга болгон инсандык кудуретин өстүрүү;

г) окуучулардын адабий чыгарма улуттук мүнөзгө ээ болоорун, бирок андай чыгармалар башка улуттарда кездешүүсү мүмкүн экендигин окуп-түшүнүү иш-билгисин (компетенциясын) калыптандыруу – бардык чыгармаларды талдоодо улуттук адабий жанрларды негизги критерий кылып алуу менен адабият мугалими башка улуттардан келген чыгармаларга баа берүү ишштерин уюштурганы аркылуу аңдап түшүнүү жолдорун өнүктүрүү;

Болжолдуу түрдө алынганы менен булар орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролун аныктоодо маанилүү орунду ээлеп, элдик дидактиканын көркөм чыгарманы талдоо жумуштарына жайгаштырууда жана анын чыккан жыйынтыктарды турмуш менен байланыштырууда жигердүү кызмат кылат. Андан тышкары окуучулар тексти өз алдынча окуп-түшүнүүдө бир катары көндүмдөрдү аткарат. Азыркы мезгилде мугалим окуучулар менен кызматташууда андай аракеттерден ар бир окуучу ала турган жөндөмдөргө көңүл бурбагандыктан, балдар сабактагы түрдүү талкуулардан өздөрүнө калыптандыруучу бир нече иш-билгилер (компетенциялар) көз жаздымда калган учуру байкалат. Тактап айтканда, кыргыз адабияты сабагы окуучуларды түркүн-түс талаш маселелерге тартуу менен алардын сүйлөө речинин туура калыптануусуна сүйлөө этикетин билүүсүнө, кеп болуучу ойду баамдап сезүүсүнө, талдоого коюлган чыгарманын кайсы тарабынан каралышына карап, таяныч ойлорунун пайда болуусуна[1], темага керектүү сөздөрдү же болбосо, терминдерди караштырып, кебине ылайык келүүчү сөз каражаттарын даярдоосуна, проблеманы кайсы тарабынан кароо маанилүү жана таасирдүү болооруна жараша психологиялык жагдай сунуштоосуна таандык иш-билгилерди (компетенцияларды) калыптандырып жүрүп отурууга милдеттүү. Ал үчүн адабият мугалими окуучулардын талкууга кандай жолдор менен кантип катышып жатканына, сүйлөө маданиятына, кептик каражаттарына, далил келтирүүсүнө, факты боюнча окурмандык ой корутундусун колдонуусуна, буга чейин иштелип чыккан тажрыйбаларды пайдаланууусуна, ал тургай турмуш чындыгына таянып, андан мисал келтире билүүсүнө тиешелүү түрдүү иш-билгисин (компетенциясын) кайсы жанрдагы адабий чыгарманы талдоого колдонбосун кыргыздын өзү иштеп чыккан элдик дидактикасынан карап, маанилик жактан ага тууралануышын, кандай тематика, кайсы багыт болбосун адеп-ахлактык каражаттарды улуттук нарк-насилден алып, оң жана терс жактарына жеке эмоциясын билдиргенге чейин окуучуларга үйрөтмөйүн балдардагы кайдыгер сезимдер жоюлбайт. Кыргыз адабияты сабагы жандуу талкуу, түрдүү талаш-тартыш менен өтсө кызыктуу болоорун адабият мугалимдеринин баары эле билет. Бирок баарыбызга тааныш салттуу сабактар окуу процессинде көп колдонулуп, анда мугалимдер баягы “авторитардык көзөмөлүн” жүргүзүп тургандыктан, окуучулар талкууга активдүү катыша албай, катышса туура эмес пикир айтуудан чочулашып, б. а. “жаман баа алуудан” сактанышып, пикирлерин ачык айтуудан тартынган учурлар арбын эле кездешет.

Кыргыздын салтында “ийри отуруп, түз кеңешүү” принциби менен көптөгөн маселелерди туура чечип келишкенин окуучуларга үйрөтүү адабий чыгармаларды талдоо этнопедагогиканын этикалык маданиятын өз ичине камтыйт, алар – сөзгө конок берүү, улуулашып сүйлөө, кыздын кырк чачы улуу, ток этээр жерин айтуу, ж. б. пикирлешүүнүн бир нече иш билгисин (компетенциясын) калыптандырса, ал кийин ар бир жарандын коомчулук менен кызматташуусунда керек оратордук искусствонун билим катары орун алышын шарттайт. Азыркы билим берүү тармагынын биринде да чечендик өнөрдүн жол-жоболору кыргыз жаштарына иш-билги (компетенция) катары үйрөтүлбөйт, ал эми анын пендечилик жашоодо керек экендигин эсепке алсак, кыргыз адабияты сабагы анын айрым элементтерин орто мектептин 10-жана 11-класстын окуучуларына көндүм катары калыптандырышы маанилүү. Ал кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролун педагогикалык коомчулукка таанытуу менен бирге элеттик аймактардай эле шаардык улан-кыздардын кыргыз салттарынан сабак алууга[2], аны учурунда билүү эмес, окууну бүткөн соң турмушунда колдоно билүүгө, башка этностун өкүлдөрүнө кыргыз маданиятынын ордун көрсөтүүгө, социалдык топтордун арасында жарандык маданияттуулугуна таянып мамиле жасоого үйрөтүп жетишкен болсо, тиешелүү кырдаалдарда анын этикалык искусство экендиги аныкталат. Адабият сабагынан алган билим коомдо чагылдырылган жалпы атуулдук мамилелерде өзүнүн өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, ыгы келген жерде кыргыздын жаштары жөнүндө пикир түзүп турган болсо, орто мектептин 10-жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролу өзүнүн милдетин жеткиликтүү аткарганын түшүндүрө алат. Ырас, окуу процессинде ал толук ийгиликке жетүү үчүн орто мектептин 10-жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопе-

дагогикалык негизде окутуунун иш планын түзүп, анда эл өзү калыптандырган дидактиканын ролун көрсөтүү менен окуу планындагы адабий чыгармалардын көркөм-эстетикалык мүмкүнчүлүгүнө жараша мазмундук тилкелерге бөлүп, анда жаңы сунушталган билим берүү стандарттагы иш-билги (компетенция) көндүмдөрүнө ээ кылчу жол-жобону камтуу зарылдыгы турат.

Жогорку класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутууда этнопедагогиканын ролу өтүлүп жаткан предметтеги темалардын негизги өзөгүн түзгөн түшүнүктөрдү элдин учурдагы жашоо-турмушу менен түздөн-түз катышы бар көйгөйлөргө топтоп, андан окуу программасында сунушталган чыгармалардын мазмуну көтөрө алчу көркөм-эстетикалык тилкелерди бөлүп чыгуу – бул предметти кандай шартта болбосун турмуш чындыгы менен байланыштырып, окуучуларга белгилүү бир көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн мазмунун түшүндүрүүгө мүмкүн болгон бөлүмчөлөрдү түзүү, б. а. окуучулар сабакта жана өздөрү үйдөн окуп-үйрөнүүчү окуу материалдарын деңгээлдерге бөлүп жайгаштыруучу иш чараларды иштеп чыгууда көрүнөт. Кыргыз адабиятын окутуу инсанга багыттап окутуу парадигмасын жетекчиликке алышы зарыл болгондуктан, окуу материалын мындай иш планына жайгаштырууда жергиликтүү шартка ылайык окуучулар сөзсүз билүүгө тийиш жөндөмдөрдү алардын социалдык керектөөсүнө негизделүү менен түзүү орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына этнопедагогиканын ролунда адабий жанрлардын табиятын бөлүп чыгууга жана көркөм-эстетикалык табиттин ыраattуу калыптануусуна кызмат көрсөтө алат. Учурда өлкө боюнча кыргыз адабиятын окутууну бирдей мазмунда уюштурууга болбойт, анткени азыр айыл менен шаардын балдарынын ортосунда коомдук-маданий керектөөгө болгон мамиле кескин айырмаланып, шаардык окуучуларга кыргыздын этномаданиятына таандык иш-билгилерди (компетенцияларды) үйрөтүү өтө эле кыйын болуп барат. Эгер аларга айылдык окуучулардай мамиле кыла турган болсок, анда алар өз элинин улуттук адабиятында иштелип чыккан көркөм-эстетикалык дөөлөттөрдүн нарк-касилин түшүнбөй, кадыр-баркын билбей, окуган чыгармасы кандай маани берип жатканын туюна албай, сөз кудуретинин баасын сезбей, адабий каармандан алчу тарбияны өз деңгээлинде өздөштүрө албай[3], ал тургай өз ара сүйлөшүүдө керектелүүчү тексттин структурасындагы көркөм сөз каражаттарын пайдалануу боюнча шаардык окуучулардын иш-билгилери (компетенциялары) өз деңгээлинде калыптанбай калышы мүмкүн. Бул кыргыз адабияты боюнча сапаттуу билим берүүнү уюштурууга тоскоол болоору бышык. Ошондуктан кыргыз адабияты предметин орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу адабий чыгармаларды адабий-эстетикалык жактан таанып-билүүнүн ролун арттырып, анын идеялык мазмунунда камтылган түрдүү адабий дөөлөттөрдү аныктоонун критерийлерин түзүүгө да маанилүү кызмат кылып берет. Маселен, мектеп окуучулары турмуштун өзүн жаңыдан таанып-үйрөнүп жаткан соң аларда жакшы менен жаманды ажыратууга биринчи кезекте айлана-чөйрөсүндөгү жашоо-турмуш, андагы ар кыл адамдар, алардын чөйрөгө болгон мамилеси, өз ара пикирлешүүсүндө айтылган көз караштары, үй-бүлөлүк, тууганчылык жана айылдаштык кызматташуулар, ж. б. пайда болгон таасирлер менен өз оюн түптөй алган мааалда алар көркөм чыгарманын сюжетин окуп чыкканда окурмандык пикирге жогорудай айтылгандардын ролу чоң экени баарыбызга белгилүү.

Айрым мугалимдер адабий чыгарманы талдоо учурунда балдарга тигил же бул жанрдын өзгөчө белгилерин конкреттүү бир чыгарманын мисалында көрсөтүп берүүдө искусствонун түрү катары окутууга басым жасашкандыктан, аны бир окуучуга жеткирүүдө кыйналышат. Анткени көпчүлүк окуучуларда адабий чыгарманы эстетикалык жактан анализдөөгө мүмкүн болгон билимдин жетишсиздиги – образдуулук менен берилген ойлорду, эмоционалдуу-экспрессивдүү баяндоо каражаттарын, шарттуу кабыл алууга негизделген сүрөттөөлөрдү, адам жашоосун ар кандай деңгээлде чагылдырган түшүнүктүн көп жактуулугу, көркөмдөштүрүүнүн түрдүү баскычта берилиши сыяктуу маселелерге жооп табууда кыйынчылык жаратат. Ал эми көркөм адабиятты искусствонун бир түрү катарында үйрөтүүнү каалаган мугалимдер көркөм чыгарманын түрүн, жанрдык өзгөчөлүгүн, сөз өнөрү жөнүндө түшүнүгүн аныктамалардын негизинде айтып берүү менен чектелишип, андан ары окуучулар өздөрү улап кетүүгө ыңгайлуу шарт жетишсиз болуп, образдуулукка таянган сөз өнөрүнүн “жолу уланбай” жатканы[4] байкалат. Бишкек шаарындагы мектептерде чанда бир окуучу көркөм адабиятта ойдун көп маанилүү боло турганын, ал маанилер ойдун учугун улай билген окурмандын элестөө мүмкүнчүлүгүнө жараша маалымат берип, андагы идеяны ар ким ички туюмуна ылайык башкаларга чечмелеп бериши ыктымал экендигин сезип өз пикирин ошого таяп айтпаса, көптөгөн окуучулар окуу китеби менен чектелишет. Мындай шартта адабий чыгарманын турмуш менен өтмө катар ассоциацияланган байланышын, ага негизделген автордук философияны, типтүү образдардын вариативдүү аракетин, ал аракеттерди камтыган сюжетти, андагы окуялардын эстетикалык маңызын, сүрөткердин чеберчилиги аркылуу эл ичинде түмөн түйшүктүү жашоодон нравалык идеалдардын мазмунун аныктоочу татаал кырдаалдарды окуп түшүнүү керек болсо, андай иш-билги (компетенция) шаардык окуучуларда болбой жатышы алардын турмушка даяр эместигин көрсөтүп, орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутуу этнопедагогиканын ролу маанилүү орунда турганын ачыкка чыгарат. Ал окуучулар көптөгөн жерде кыргыздар менен байланышып жаткандан кийин түрдүү коммуникативдүү аракеттерде образдуу айтылган сөздүн көп маанилеринин арасынан кайсы мазмунда экенин ажырата билүүсү[5], өтмө, какшык, такмаза, шылдың, куйкум, тамаша, сыяктуу маанисин түшүнүү жана инсандык аброюна баа берүү деңгээлинде кеп болгон кырдаалды айырмалоосу, ортодогу кепке кошулуп, зарыл болгон шартта маанисине карай толуктоосу же күчөтүүсү, тамашаны жиреп андан ары ойду байытуусу сымал психологиялык-эмоционалдуу жагдайда жол тапкан иш-билгини (компетенцияны) да кыргыз адабиятынан башка бир дагы предмет калыптандыра албайт.

Билим берүүдөгү мындай мазмунду адабият сабагы адабий-теориялык түшүнүктөргө негизделген шартта жөнгө сала албайт. Ошондуктан көркөм чыгарманы үйрөтүүдө орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу адабий чыгарманы таанып-билүүгө тиешелүү кайсы маселени көтөрбөсүн предмет катары адам жана

анын турмушун алып, үйрөнчү маселе көркөм чындыкка таянып түзүлгөн эл үчүн маанилүү проблемадан чыгып, калктын арманы, кыял-сезими, кетирген кемчилиги менен жетишкен ийгилиги, бүтпөс түйшүгү менен аны билүүгө жардамдашкан автордун философиясынан куралган көркөм-образдуу каражат катары [6] түшүндүрүү максатын көздөйт. Кыргыз адабияты сабагында ушул ыңгайдан мамиле этүү өнүктүрүлсө, окуучулардын көз караштары түрдүү болгону менен көркөм адабият эл турмушу экенин билип, анда өз орду болушу керектигин сезип, жашоосунун атрибуту катары маданиятка артыкчылык берип, ага таандык адабий чыгармаларды өз ара салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуу үчүн ички кызыкчылык жогорулайт болчу. [7]

Адабияттар

1. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. – Б.: 2011, 8-бет.

2. Рахимова М.Р., Панкова Т.В. Кыргызская народная педагогика. – Б.: 1993.

3. Калдыбаева А. Калык Акыевдин чыгармаларынын тарбиялык мааниси. – Б.: 1994.

4. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Б.: 1997., Кыргыз элинин билим берүү салттары. – Б.: 2001.

5. Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. – Б.: 2006. – 364 б.

6. Кыдыралиев К. Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы. – Б.: 2010 – 488 б.

7. Кенжешев К. Д. Этнопедагогика жана жогорку класстарда кыргыз адабияты сабагы. / Кенжешев К. // БМУ жарчысы, 2021. - №4 (58), - 35-б.

УДК: 37.013:528.942
DOI: 10.35254/bhu/2022.60.30

Кенжешев К. Д.,
К. Карасаев атындагы БМУ

ЭТНОПЕДАГОГИКА ЖАНА ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ТАЛДООНУ ИНСАНГА БАГЫТТОО

Кыскача мазмуну

Орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына кыргыз адабияты сабагы инсанга багытталып окутулууга тийиш. Аны бул багытта окутуу бир нече компетенцияны калыптандырууга милдеттендирилет. Ага тиешелүү болгон маселелерди чечүү үчүн адабий чыгармага талдоо жумуштарынын мазмуну, этнопедагогикалык билим жана тарбия берүүнүн мааниси макалада каралат. Этнопедагогика менен болгон байланышы чыгармага анализ берүү учурунда кандай болушу керектиги мамлекеттик жана предметтик стандарттардын мазмунунда ачыкталат. Проблеманы кыргыз адабий чыгармалары менен байланыштырууда кандай кырдаалдар эске алынышы сабакта жасалчу жумуштар бирге талданат. Адабий чыгармаларга туура талдоо жүргүзүлсө, окуучуларга этнопедагогикалык жактан тарбия берүүнүн деңгээли көтөрө турганы айтылат. Кыргыз адабияты сабактарынын илимий-методикалык жактан ишителиши окуучуларга этнопедагогикалык мазмунда билимдин коомдук-социалдык маселеси экени айкындалат.

Түйүндүү сөздөр: *адабият сабагы, элдик педагогика, этнопедагогикалык билим берүү, этномаданий түшүнүктөр, жогорку класстын маданий компетенциялары, социалдык-инсандык компетенциялары, мамлекеттик стандарт, предметтик стандарт, окуу планы.*

ЭТНОПЕДАГОГИКА И ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННЫЙ ПОДХОД АНАЛИЗА ЛИТЕРАТУРНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ В СТАРШИХ КЛАССАХ

Аннотация

Кыргызская литература должна преподаваться старшеклассникам с использованием личностно-ориентированного подхода. Преподавание ее в этом направлении требует развития ряда компетенций. В статье рассматривается содержание аналитической работы над литературным произведением, значение этнопедагогического образования и воспитания для решения соответствующих вопросов.

Связь с этнопедагогикой выявляется в содержании государственных и предметных стандартов при анализе работы. Работа урока анализируется вместе с обстоятельствами, которые учитываются при связи проблемы с

кыргызскими литературными произведениями. Правильный анализ литературных произведений повышает уровень этнопедагогического образования учащихся. Научно-методическая разработка тем кыргызской литературы раскрывает перед студентами, что этнопедагогическое содержание является социальной проблемой познания.

Ключевые слова: *литература, народная педагогика, этнопедагогическое образование, этнокультурные понятия, культурологические компетенции старших классов, социально-личностные компетенции, государственный стандарт, предметный стандарт, учебная программа.*

ETHNOPEDAGOGY AND THE PERSONALITY-BASED APPROACH TO ANALYZING LITERARY WORKS IN SENIOR GRADE

Abstract

Kyrgyz literature should be taught to high school students using a person-centered approach. Teaching it in this area requires the development of several competencies. The article examines the content of analytical work on a literary work, the importance of ethno-pedagogical education and upbringing to address related issues.

The connection with ethno-pedagogy is identified in the content of the state and subject standards in the analysis of the work. The work of the lesson is analyzed along with the circumstances, which are taken into account when connecting the problem to Kyrgyz literary works. Correct analysis of literary works increases the level of ethno-pedagogical education of students. The scientific and methodological development of the themes of Kyrgyz literature reveals to the students that ethno-pedagogical content is a social problem of cognition.

Key words: *literature, folk pedagogy, ethno-pedagogical education, ethno-cultural concepts, senior grade cultural competencies, socio-personal competencies, state standard, subject standard, curriculum.*

Азыркы мезгилде ар ким өзүнүкүн туура деген субъективдүү пикир артыкчылыкка өтүп, ал окуучулар арасында коомчулуктун көз карашы менен эсептешпеген, жагымсыз кер-мур диалогдун көп болушуна алып келүүдө. Окуучуларда өзүм билемдик абдан өнүгүп кетпес үчүн адабий чыгармаларды талдоо учурунда кыргыздын нарктуу салттарына кайрылуу, алардын канчалык эстетикалык багыты бар экенин залкар акындардын санат-насыят ырларында үлгү болуучу адамдык жөндөмдөрдү чагылдырууга багытталган ырларына токтолуу [1] окуучулардын кимисине болбосун таасир этпей койбойт. Ошондо жаңы стандартта белгиленген, адабий билим берүүдөгү максаттарды пландаштырууда “окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга, кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, көркөм текстти талдоо жана интерпретациялоого, аны чыгармачылык менен иштеп чыгууга жана өз тексттерин жаратууга көңүл бурган ыкмага” [2, 9-бет.] айланат.

Окуу программасына кирген бардык адабий чыгарманын окуучулар билүүгө тийиш болгон көркөм-эстетикалык жактан баалуу касиеттери бар. Мугалим окуу программасында мына ошондой касиеттерди эл турмушундагы маанисине карай белгилүү бир жалпылыкка алып келип, логикалык жактан ички биримдикти түзүп, окуучулар кийин жашоо-тиричилигинде колдоно [3] алуучу жөндөмгө ээ боло турган кудуретин бөлүп, ар бир класстагы балдардын инсандык-социалдык керектөөсүн жетектеген календарлык планын иштеп чыкса, андай үлгү менен жумуш аткаруу кыргыз адабияты боюнча сабактардын сапаттуу болушуна абдан маанилүү кызмат кылат. Албетте, бул адабият мугалими каалагандай эле түзүлө калбайт, ал окуучулардын ички кызыкчылыктарын чагылдыра турган коомдук-социалдык керектөөсүнөн топтолушу керек. Орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыздын көркөм-адабий чыгармаларын окуу анчалык кызык болбосо да, алардын ар кимиси өз чөйрөсүндө маанилүү орунга ээ болуп, түрдүү социалдык байланыштарда элдин салт-санаасын, маданиятын, ырым-жырымын, үрп-адатын чагылдыруу боюнча белгилүү бир маалыматы бар экенин билдирүү же жамандык-жакшылыкта өз ордуна ээ болууга тиешелүү кырдаалда пендечилик этикетти сактоо жана көрсөтүү шартына даярдануу муктаждыгы улан-кыздарды ошол эле көркөм чыгармалардан адеп-ахлактык баалуулуктарды үйрөнүүгө аргасыздыкты түзөт. Адабият мугалими орто мектептин 10-жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутууда жетилип келе жаткан жарандардын мына ушундай социалдык кызыкчылыктарына таянып, жетилип бараткан дүйнө таанымы туура багыт алышы үчүн ар бир чыгарманын көркөм-эстетикалык баалуулуктарын түшүндүрүүдө окуучулар руханий баалуулуктарды өздөштүрүп, айлана-чөйрөсүнө гумандуу мамиле жасоо менен бирге өзүн турмушка даярдоого, социалдык чөйрө түрдүү категориялардан тураарын, алардын өздүк кызыкчылыктары болоорун, ага ылайык мамиле түзүүгө жөндөмдүүлүк керектигин, аны адабий чыгармалар гана таанытуусу мүмкүн экендигин окуу программасындагы чыгармалардын мисалында жеткиликтүү ачып берсе, балдар ал чыгармаларды окубай койбойт. Мындай түшүндүрүү иштери бир чыгарма менен чектелсе, анда мугалим көздөгөн максатына жетпейт.

Ошондой эле орто мектептин 10-жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун ролу кыргыз адабияты сабагында өзүнүн маанисин так көрсөтүп турушу үчүн мугалим тарабынан түзүлгөн календардык план сөзсүз зарыл, б. а. этнопедагогиканын ролун аныктоого, аны турмушта керектелүүчү критерийлер менен негиздөөгө, андай шартта кандай адеп-ахлактык позицияга туруу улуттук кызыкчылыкты коргой ала тургандыгын белгилүү бир чыгармага таянып түшүндүрүүгө, окуучуну кызыктырган ар түрдүү суроолорду биргелешип чечүүгө, элдин арасында болуп жаткан оң жана терс көрүнүштөрдү мез-

гилдин талабына жараша элдик дидактика менен баалоого, андан соң ошол моментте талкууда турган адабий чыгармада кандай эстетикалык дөөлөт сакталганын даана түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө жол ачып берет. Этнопедагогиканын ролу мына ушул жерде турат, анткени дүйнө элдери өтө жакын байланышка өтүп, сырттан келген жаңы нерселер, алардын артында турган түшүнүктөр жакшы көрүнүп, көргөндө "көзү тойбой" турган маалда "эски түшүнүктөрдү" сабакта жакшы деп түшүндүрүү зор кыйынчылык менен коштолот. Мындай шартта адабият мугалими кыргыз элинин кылымдап калыптандырган тажрыйбасына таянганы маанилүү орундуу ээлейт. Аны туура колдонуш үчүн аргументтерди орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына сунушталган кыргыз адабиятындагы көркөм чыгармалар менен эл арасында туруктуу ордун жоготпой келе жаткан пендечиликтеги адамды сыйлоо, бири-бирине урмат көрсөтүү, ата-энеге, бир туугандарга жагымдуу маанай тартуулоо, жакшылыгына бирге кубануу, кайгысын тең бөлүшүү, карыларды аёо, кичинелерге камкордук кылуу, жаратылышты коргоо, табияттын керемет кооздугуна суктана билүү, кыйналганга жардамдашуу сыяктуу кыргыз элдеги дидактикалык нормаларды байланыштыруу сабактын окутулушу үчүн гана таасирдүү болбостон, сырттан көчүп келе жаткан "жеңил маданиятка" кыргыз жаштары ыйман-ынсап жагынан туруштук берүүсүнө ыңгайлуу шарт түзөт. Улам кийинки жылдары орто мектептеги билим берүүдөн этнопедагогиканын ролун начарлатып жибергенибизге байланыштуу кыргыз жаштары адеп-ахлак жактан түшүнүктөрүн жогорулатуу, бул багыттагы социалдык керектөөсүн камсыздоо үчүн балдарына диний наасаттарды үйрөтүү жагына көңүл буруп баратканы белгилүү. Мунун өзү элдин көркөм-эстетикалык нарк-насилди өздөштүрүүгө болгон кызыкчылыгы эч качан жоголбой турганын ишенимдүү далилдесе, андай билим берүүнүн өзөгүн түзүүчү этнопедагогиканын ролу орто мектептин 10- жана 11-класстын окуучуларына кыргыз адабиятын окутуу аркылуу эл арасында болуп жаткан түрдүү жарандык кызыкчылыктарды коомчулук талап кылган деңгээлде аткаруу үчүн педагогикалык процессте календарлык план менен системалуу иш чараларды өлкөнүн бардык окуу жайларында ишке киргизүү керектигин ачыктап жатат.

